**Изденүүчү Абдыбекова Нурмира Абдыбековнанын «Англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясына расмий оппоненттик**

# ПИКИР

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Диссертациялык иш актуалдуу. Себеби, чет тилинде эркин сүйлөө – бардык профилдеги адистер үчүн келечек иштерине кеңири жол ачат. Алардын ичинде спортчулар, дене тарбия адистери үчүн коомдук-саясий, окуу-кесиптик, социалдык-өндүрүштүк, илимий, маданий, инвестициялык багыттарында англис тилин билүүнүн мааниси зор. 532000 дене тарбия багыты боюнча Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү мамлекеттик стандарты алган билимди практикада, уюштуруучулук-тарбиялык, машыктыруу процессинде колдоно билүүсү керектиги жана базалык бөлүмдөгү "гуманитардык социалдык жана экономикалык" сабактардын ичинен чет тилин сөзсүз окулушу керек деген талабы коюлган. Буга чейинки бай тажрыйба көрсөткөндөй, Кыргызстандын спортчулары спорттук мелдештерге катышып, дүйнөлүк чемпионаттарда, кышкы жана жайкы Олимпиядаларда өлкөбүздүн байрагын жогору көтөрүп, өлкө атынан жеңиштерди камсыздап келет. Мунун өзү кайсы өлкөгө барса, кайсы элдердин өкүлдөрү менен бет маңдай келишсе, дал ошол элдин тилинде сүйлөй билүү зарыл экендигин билдирет. Демек, аталган проблеманы билим берүү процессинде чечүү мамлекеттик билим стандартын жүзөгө ашыруунун актуалдуу милдеттери катарында кароого болот.

Билим берүү системасы ааламдашуу шартында өз ордун таба билген, кесиптик жана башка социалдык мамилелерди жөндөп кете ала турган, чет тилинде эркин сүйлөгөн, башка маданияттардын өкүлдөрү менен чет тилдерде кесипкөйлүктө баарлашууга даяр, компетенттүү кесип ээлерин даярдоого милдеттүү. 2018-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын улуттук өнүгүү стратегиясында билим берүү системасындагы кескин өзгөрүүлөр коомдук жашоо тиричилик чөйрөсүндө эл аралык тилдерди колдонуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү менен «Көп тилдүүлүк өсүп келе жаткан муунга терең глобалдык процесстерге биригүүгө мүмкүнчүлүк берет» деп белгиленген [Национальная страгения развития КР на 2018-2040 годы. – Бишкек, 2018. – 27с]. Мунун өзү Кыргызстанда чет тилдерин, өзгөчө англис тилин өздөштүрүү аларды илимде, билим берүүдө, искусстводо, спортто, жарнамада, туризмде, басма сөз жана башка тармактарда кеңири колодоно билүү

талабын актуалдаштырат. Андыктан, англис тили сабагында студенттердин кеп ишмердүүлүгүнө тарбиялоо тек гана заманбап ааламдашуу талаптары менен гана шартталбастан, ал атуулдук ошол эле мезгилде башка улуттун өкүлдөрү менен ынтымакта, ырашкерликте жашоого багытталган феномен катары педагогиканын салттарында орун алган. Ал эми, бул проблеманын чечилиши – билим берүүдө бир топ педагогикалык жоболорго орчундуу таасир берүү менен бирге англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын өнүктүрөт. Демек, изденүүчүнүн аталган темадагы изилдөө иши теориялык жана практикалык жактан зарыл экендиги ырас.

Иликтөөгө алынган проблема, автор тарабынан англис тили сабагында студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары, элдик педагогика боюнча көптөгөн эмгектер талдоого алынып, алардын рационалдуу идеялары илимий этиканын эрежелерине ылайык орундуу жетекчиликке алынган. Мындай иш-аракет изилдөөнүн проблемасын, стратегиясын, илимий аппараттарын тагыраак айкындоого мүмкүнчүлүк берген. Диссертант коюлган максат, милдеттерди чечүүдө кесиптик жана илимий-теориялык, методологиялык жактан даярдыгынын жеткиликтүү экендигин көрсөтө алган. Диссертацияда бири-бири менен тутумдаш бир катар жаңы натыйжалар алынган. Алар изденүүчүнүн педагогика илимине кошкон салымын тастыктай алат. Изилдөөнүн милдеттери, коргоого коюлган жоболор, корутундулар толугу менен анын мазмунуна дал келет.

## 2. Диссертациянын илимий натыйжалары катары төмөндөгүлөрдү көрсөтүүгө болот.

Диссертациялык иште жаңы төмөнкүдөй илимий жыйынтыктар алынган жана алар жалпы педагогиканын, билим берүүнүн тарыхы адистигин өнүктүрүүдө чоң мааниге ээ болот:

1-**натыйжа:** Англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун илимий-педагогикалык негиздери талдоого алынып, алардын кептик, тилдик, социалдык-маданий жана таанып-билүү компоненттери аныкталган; кыргыз, орус жана чет элдеринин илимий-педагогикалык адабияттарын анализдөө англис тили сабагында дене тарбия багытындагы окуган студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары психологиялык-педагогикалык жагынан талдоодон өткөрүлүп, алардын кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын теориялык негиздери жана практикалык жактан азыркы талаптарга ылайык иштеп чыгуусу зарыл экендиги тастыкталган. (1 главанын 1.1., 1.2. параграфтарында.)

**2- натыйжа:** Изилдөөнүн объектисине жана предметине ылайык дене тарбия багытындагы студенттердин англис тилиндеги кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары аныкталып, англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кесипке багытталган кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун технологиясы, коммуникациялык компетентүүлүгүн калыптандыруу боюнча көнүгүүлөр системасын камтыган окуу курал иштелип чыгарылган. Изилдөөнүн натыйжасы катары төмөнкүдөй педагогикалык шарттарга таянуу сунушталат: 1) студенттердин кесипке багытталган кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу максатында коммуникациялык мейкиндикти оптимизациялоо, билим алуу борборун уюштуруу; 2) дене тарбия багытында окуган студенттердин алардын англис тилинде кеп ишмердүүлүгүн калыптандырууга байланыштуу билим алуу мотивациясын камсыз кылуу максатында кесипке багыттап окутуунун интерактивдүү методдорун кеңири колдонуу; 3) англис тилинде кеп ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун арттыруу максатында окуу процессинде «Google classroom» технологиясын колдоно билүү; 4) англис тилинде кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун негизги педагогикалык шарты катары студенттердин эне тилиндеги, орус жана англис тилиндеги этнопедагогикалык жана этноспорттук каражаттардын системасын колдонуу; 5) жалпы окуу-тарбия процессинде предмет аралык байланышты камсыз кылуу, интеграцияланган сабактарды уюштуруу. (2 главанын 2.1., 2.2., 2.3. параграфтарында.)

Изилдөө процессинде дене тарбия багытындагы студенттердин англис тилинде кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун модели түзүлгөн. Модель окуу процессин жогорку кесиптик адистикке багыттап уюштурууга көмөктөшүп, педагогикалык шарттар; кесипке багыттап окутуу технологиясы, сабактын түзүлүшү, жабдылышы, максаты, тиби, бышыктоо, жыйынтыктоо; коммуникациялык компетенцияны; кеп ишмердүүлүгүн; грамматикалык жөндөмүн, сөз байлыгын жана ой жүгүртүүсүн өстүрүүчү көнүгүүлөр системасы камтылган. (3 главанын 3.1. параграфында.)

3-**натыйжа:** Дене тарбия багытында билим алып жаткан студенттердин англис тилиндеги кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун изилдөө методдору талдоого алынып, англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кесипке багытталган кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун технологиясы, коммуникациялык компетентүүлүгүн калыптандыруу боюнча көнүгүүлөр системасын камтыган окуу курал иштелип чыкты.

Дене тарбия багыты боюнча Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү мамлекеттик стандартын, окуу программаларын жана окуу китептерин анализдөө мененадистиги тил эмес багыттагы беш жогорку окуу жайларынын жумушчу программалары, окуу-методикалык окуу куралдарындагы окшоштуктар жана айырмачылыктар аныкталды. Англис тилиндеги кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун эффективдүүлүгүнүн принциптери, критерийлери, көрсөткүчтөрү аныкталып, студенттердинанглис тилин

үйрөнүүгө умтулуусу, чет элдик ыктыярчылар мененбаарлаша билүүсү, интервью алууга кызыгуулары артып, дил баяндын темасын тактап, ошол теманын алкагындагы материалдар системалаштырылды. (2 главанын 2.1., 2.2. параграфтарында.)

4-**натыйжа:** Болочок дене тарбия адистерин кесиптик жактан даярдоонун педагогикалык шарттарынын эффективдүүлүгү педагогикалык эксперимент аркылуу тастыкталып, англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун модели жана педагогикалык шарттарынын эффективдүүлүгү педагогикалык эксперимент аркылуу жалпылаштырылды.

Кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун моделинин эффективдүүлүгү жана тилдик-коммуникациялык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу окутуучу менен студенттин биргелешкен иш аракети аркылуу берилди. Англис тилинде кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү: окуу, жазуу, сүйлөө, угуу боюнча «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү» аталышындагы окуу куралын жана *он беш коммуникациялык көнүгүүлөр системасын* жана студенттердин кесиптик адистигине багытталып, иштелип чыккан. (3 главанын 3.1., 3.2. параграфтарында.)

## 3. Диссертацияда изденүүчү тарбынан аныкталган ар бир илимий натыйжасынын, тыянактарынын жана корутундусунун негизделгендик жана ишенимдүүлүк даражасы.

1-**натыйжа:** Англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун илимий-педагогикалык негиздери талдоого алынып, алардын кептик, тилдик, социалдык-маданий жана таанып-билүү компоненттеринин өзгөчөлүктөрүн аныктоодо диссертант кыргыз, орус жана чет элдеринин илимий-педагогикалык эмгектерине таянган. Англис тили сабагында дене тарбия багытындагы окуган студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары психологиялык-педагогикалык жагынан талдоодон өткөрүлүп, алардын кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын теориялык жана практикалык жактан азыркы талаптарга ылайык иштеп чыгуусу зарыл экендигин көрсөтүлгөн. Бул проблема ишенимдүү аныкталган.

2-**натыйжа:** Изденүүчү тарбынан изилдөөнүн объектисине жана предметине ылайык дене тарбия багытындагы студенттердин англис тилиндеги кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары аныкталып, англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кесипке багытталган кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун технологиясы, коммуникациялык компетентүүлүгүн калыптандыруу боюнча көнүгүүлөр системасын камтыган окуу курал иштелип чыгарылган. Изденүүчү тарбынан изилдөөнүн натыйжасы катары

педагогикалык шарттарга таянуу менен ишке ашырылган, изилдөө процессинде дене тарбия багытындагы студенттердин англис тилинде кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун модели түзүлгөн жана ошонусу менен ынанымдуу.

3-**натыйжа:** Дене тарбия багытында билим алып жаткан студенттердин англис тилиндеги кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун изилдөө методдору талдоого алынып, англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кесипке багытталган кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун технологиясы, коммуникациялык компетентүүлүгүн калыптандыруу боюнча көнүгүүлөр системасын камтыган окуу куралдын иштелип чыгышы.

Дене тарбия багыты боюнча КР жогорку кесиптик билим берүү мамлекеттик стандартын, окуу программаларын жана окуу китептерин өзгөчө анализдөө менен адистиги тил эмес багыттагы беш жогорку окуу жайларынын жумушчу программалары, окуу-методикалык окуу куралдарындагы окшоштуктар жана өзгөчө айырмачылыктардын аныкталышы. Англис тилиндеги кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун эффективдүүлүгүнүн принциптеринин, критерийлеринин, көрсөткүчтөрүнүн аныкталышы, студенттердин англис тилин үйрөнүүгө умтулуусу, чет элдик ыктыярчылар менен баарлаша билүүсү, интервью алууга кызыгуулары артып, дил баяндын темасын тактап, ошол теманын алкагындагы материалдар системалаштырылышы билим берүү постулаттарына негизделгени менен далилдүү. Ошондой эле чет тилди үйрөтүү процессинде, окутуу процессинин табиятынан келип чыккан мыйзам ченемдүүлүктөргө, принциптерге таянаары далилденген.

4-**натыйжа:** Изденүүчү тарбынан болочок дене тарбия адистерин кесиптик жактан даярдоонун педагогикалык шарттарынын эффективдүүлүгү педагогикалык эксперимент аркылуу тастыкталып, англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун модели жана педагогикалык шарттарынын эффективдүүлүгү педагогикалык эксперимент аркылуу жалпыланышы.

Кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун моделинин эффективдүүлүгү жана тилдик-коммуникациялык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу окутуучу менен студенттин биргелешкен иш аракети аркылуу берилгени. Англис тилинде кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү: окуу, жазуу, сүйлөө, угуу боюнча «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү» аталышындагы окуу куралынын жана *он беш коммуникациялык көнүгүүлөр системасынын* студенттердин кесиптик адистигине багытталып, иштелип чыгышы. Бул теориялык жоболорду педагогикалык экспериментте текшерүүдө изденүүчү тарабынан теориялык жоболору ишенимдүү тастыкталган.

4. **Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы**

**1-натыйжа.** Изилдөөчүнүн учурдагы илимий-педагогикалык булактарга, философиялык, психологиялык, педагогикалык, этнопедагогикалык эмгектерге таянуу менен жүргүзүлгөн англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын, технологиясынын өзгөчөлүктөрүн аныкталышы илимий өңүттөн изилдөөгө байланыштуу ойлорун, тыянактарын жаңы деп кабыл алууга негиз бар, себеби, аталган илимий түшүнүк жана көрүнүш Кыргыз Республикасынын билим берүү мейкиндигинде биринчи жолу талдоого алынган илимий аракеттерден болуп эсептелет.

2-**натыйжа:** Дене тарбия багытында билим алып жаткан студенттердин англис тилиндеги кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары, коммуникациялык көнүгүүлөр системасы, окуу куралы окуу процессине ийгиликтүү жайылтылгандыгын жана эксперимент аркылуу тастыкталганын жаңы деп эсептөөгө негиз бар, себеби англис тилин окутуу процессинде дене тарбия багытында билим алып жаткан студенттерди кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу принциптеринин, абалынын жана деңгээлинин аныкталышынын теориясы КМШ өлкөлөрүндө жана алыскы чет өлкөлөрдө жетишээрлик деңгээлде изилденген, ал эми изденүүчү тарабынан Кыргыз Республикасынын билим берүү мейкиндигинде студенттердин англис тилиндеги кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун окутуу процессиндеги мазмуну, изилдөө усулдары, жалпы критерийлери жана көрсөткүчтөрү аныкталган. Диссертант тарабынан иштелип чыккан дене тарбия багытында билим алып жаткан студенттердин англис тилиндеги кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык илимий-практикалык моделин жарым-жартылай жаңы деп кабыл алууга болот, себеби заманбап педагогика илиминде моделдештирүү методологиясы терең изилденген, ал тургай ар бир изилдөөчү өз изилдөөсүнүн максат милдеттерине жараша модель түзүү өнөкөт ишке айланган. Автордун артыкчылыгы кеп ишмердүүлүгүн өнүгүү моделинин коммуникациялык көнүгүүлөр системасынын түрлөрү, сабактын үлгүсү, кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү,окутуунун системалуу жолу коммуникациялык компетенциянын негизинде көрсөтө алган. Салттуу дидактикалык принциптерди жана заманбап окутуу технологияларын эсепке алуу менен модель коммуникациялык компетенцияны, кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүчү, грамматикалык жөндөмүн өстүрүүчү, сөз байлыгын жана ой жүгүртүүсүн өстүрүүчү көнүгүүлөрдү ирэттештирүүгө өз салымын кошо алган.

**3-натыйжа:** Болочок дене тарбия адистерин англис тилиндеги кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын эффективдүүлүгүн аныктоо боюнча педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары сунушталат.

Болочок дене тарбия адистерин англис тилиндеги кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары айкындалып, эксперименттик текшерүүдөн өткөрүлгөн. Эксперименттик текшерүүгө байланыштуу натыйжаларды жаңы деп кабыл алууга болот, себеби алардын жалпы көрсөткүчтөрү диссертациялык иштин негизги максатына жооп берүү менен автор тарабынан өз алдынча изденүүчүлүк аракетинин негизинде жаралган. Болочок дене тарбия адистерин англис тилиндеги кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун эксперименталдык окуу программасы, усулдук колдонмолор, практикалык сунуштар иштелип чыккан.

## 5. Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.

Абдыбекова Нурмира Абдыбековнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы диссертациясында көрсөтүлгөн натыйжалар илимий-теориялык жана прикладдык жактан азыркы талаптарга ылайык дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын тажрыйбасын колдонууну арттыруу жана аны жайылтууга мүмкүн деп эсептөөгө болот.

Алынган натыйжалар ички биримдикке жана логикалык ырааттуулукка ээ. Практикалык сунуштар теориялык жактан тастыкталган жоболорго жана учурдун талабына негизделген.

Диссертациялык иш белгиленген проблема боюнча ички биримдикке ээ болуп, бир катар жаңы илимий натыйжаларды жана жоболорду камтыйт. Бул изденүүчүнүн педагогика илимине кошкон жеке салымын көрсөтөт.

## 6. Алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу.

- Англис тилин кесипке багыттап окутуунун илимий педагогикалык

негиздерин тереңдеп түшүнүүгө жана анын жоболорун педагогика илимине, билим берүү тажрыйбасына киргизүүгө, жаңы муундагы дене тарбия мугалимдерин, машыктыруучуларын даярдоого диссертант салымын кошкон.

- Диссертант тарабынан Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын адистерди даярдоо боюнча алардын социалдык, тилдик компетенттүүлүгүн байытууга, ишке ашырууга өбөлгө түзүлгөн.
- Диссертант дене тарбия багытындагы студенттердин кеп

ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын, моделин педагогикалык жогорку окуу жайлардын окуу программаларын түзүүгө, студенттерди окутууда билгичтиктерин, көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган сапаттуу кесиптик билим берүүгө салым кошот. Диссертациянын илимий жыйынтыктары КМДТжСанын окуу процессине ийгиликтүү киргизгендигин айгинилейт (Акт № 1).

7. **Диссертациянын негизги натыйжаларынын, жыйынтыктарынын, корутундуларынын толук жарыяланышы.**

Изилдөөнүн негизги идеяларын чагылдыруу үчүн изденүүчү 32 илимий макаласын, анын ичинен 16 КРнын КИНЦ журналдарында, 2 РИНЦ индекстүү журналдарында, 5 чет өлкөлүк илимий журналдарда жарыялаган жана КР ББИМ грифи алдында окуу куралын басып чыгарган.

**Диссертацияда орун алган айрым мүчүлүштөр жана аларды чечүү боюнча сунуштар:**

1. Биринчи милдет "Англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кесипке багытталган кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун илимий-педагогикалык негиздерин теориялык жактан аныктоо" – деп аталып, кеңири каралганы менен диссертацияда жана авторефераттын текстинде теориялык негиз катары туура эмес авторлордун аты жөнү берилген (А.А.Бекбалаев, С.Ш.Гараев, М.Л.Мухарова, диссертацияда 14 бет, авторефератта 4 бет). Бул авторлордун изилдөө эмгектери немис тили боюнча каралган.
2. «Дене тарбия багытындагы студенттер үчүн англис тили сүйлөө кебин өстүрүү» – деген атайын кошумча окуу программасы жана окуу-усулдук колдонмосу жогорку окуу жайлардын башка багытындагы факультеттеринде англис тили дисциплинасын өтүп жаткан окутуучуларга коммуникативдик көнүгүүлөр системасы катары сунушталып, окуу планында орун алган мазмунуна кошумча катары колдонулса жакшы болот эле.

8. **Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Изденүүчү **Абдыбекова Нурмира Абдыбековнанын** 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин

кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **«Англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары»** аттуу темадагы диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча авторефераттын мазмунуна негизинен дал келет. Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

Арийне аталган айрым кемчиликтер диссертациянын сапатын, теориялык жана практикалык натыйжаларын төмөндөтө албайт. Андыктан, Абдыбекова Нурмира Абдыбековнанын кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган изилдөө катары кароого болот.

Жалпысынан изденүүчү **Абдыбекова Нурмира Абдыбековнанын «Англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары»** аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарына жооп берет. Ал эми изденүүчү **Абдыбекова Нурмира Абдыбековнаны** 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот.

**Расмий оппонент:**
Эл аралык инновациялык технологиялар
университетинин маданий аралык
коммуникация жана психология институтунун
директору, п.и.д., доцент **Сартбекова Н.К**

**Н.К. Сартбекованын колун тастыктайм:** Кошмурзаева Б.Ж. секретарь УС